**АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ**
**«Bakai Visa Business Cards 2026»**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. «Bakai Visa Business Cards 2026» акциясынын ушул эрежелери (мындан ары — Эрежелер) Акцияга катышуунун тартибин жана шарттарын, өткөрүлүүчү жерин жана мөөнөттөрүн, ошондой эле анын башка маанилүү шарттарын аныктайт.
1.2. Акциянын уюштуруучусу — «БАКАЙ БАНК» ААК, каттоо номери: 86713301-ОАО, улуттук жана/же чет өлкөлүк валютада банктык операцияларды жүргүзүү укугуна берилген №043 лицензиясы, 22.06.2017-ж., юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Мичурин көчөсү, 56 (мындан ары — Уюштуруучу).
1.3. Акция «БАКАЙ БАНК» ААК тарабынан чыгарылган Visa Business карталарынын ээлери — жеке ишкерлер жана юридикалык жактар үчүн өткөрүлөт (мындан ары — Катышуучулар).
1.4. Акция Кыргыз Республикасынын аймагында 2026-жылдын 17-августунан 30-ноябрына чейин, ушул күндү кошо алганда, өткөрүлөт.
1.5. Акция Visa Business карталарын жайылтууга багытталган маркетингдик стимулдаштыруучу иш-чара болуп саналат. Акция лотерея, кумар оюну же тобокелдикке же кокустукка негизделген башка иш-чара болуп саналбайт жана ага катышуу үчүн кандайдыр бир акы төлөө талап кылынбайт.
1.6. Акцияга катышуу ыктыярдуу болуп саналат жана өзүнчө арыз берүүнү же активдештирүүнү талап кылбайт. Катышуучунун Акцияга катышууга багытталган аракеттерди жасоосу, атап айтканда, Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде Visa Business банктык төлөм карталары боюнча чыгым операцияларын жүргүзүүсү ушул Эрежелердин шарттарын толук жана эч кандай шартсыз кабыл алуу болуп эсептелет.
1.7. Акциянын жыйынтыгы чыгарылып, акыркы эсептик мезгилдин жыйынтыгы боюнча байгелер ушул Эрежелердин 6-бөлүмүндө белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө 2026-жылдын 30-ноябрынан кийин тапшырылат.
1.8. Ушул Эрежелер bakai.kg жана visabusiness.bakai.kg расмий сайттарында жарыяланат жана Акция өткөрүлүп жаткан бүткүл мезгил ичинде ар бир Катышуучу таанышып чыгышы үчүн жеткиликтүү болот.

## 2. Эрежелерде колдонулган терминдер жана аныктамалар

**Bakai Business** — кардарларга Интернет тармагына туташкан компьютер, уюлдук телефон же башка түзмөк аркылуу өздөрүнүн банктык эсептерине алыстан кирүүгө жана аларды башкарууга мүмкүндүк берген сервистердин комплекси. Анын курамына интернет-банкинг жана мобилдик банкинг кирет.
**Банктык төлөм картасы (банктык карта)** — товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, улуттук жана чет өлкөлүк валютада накталай акча алууда, акча которууларды жүргүзүүдө, ошондой эле терминалдар, банкоматтар же башка түзмөктөр аркылуу электрондук акча түрүндө эсептешүүдө колдонулуучу төлөм каражаты.
Ушул Эрежелердин алкагында банктык карта деп «БАКАЙ БАНК» ААК тарабынан чыгарылган Visa Business карталары түшүнүлөт.
**Лига** — фишка топтогон бардык Катышуучуларды рейтинг боюнча жайгаштыруу жана алынган рейтингди пропорционалдуу түрдө үч топко — 1-лига, 2-лига жана 3-лигага бөлүү аркылуу белгилүү бир байгелүү эсептик мезгилдин алкагында аныкталуучу Катышуучулардын сегменти (когортасы). Бул бөлүштүрүү Эрежелердин 6-бөлүмүнө ылайык жүргүзүлөт.
**Күтүү мезгили** — эсептик мезгил аяктагандан кийин операциялар боюнча мүмкүн болгон кайтаруулар эске алынуучу мезгил.

**Позициялык байге** — Катышуучулардын эсептик мезгил ичинде топтогон фишкаларынын саны боюнча түзүлгөн жалпы рейтингде алдын ала жарыяланган белгилүү бир орунду ээлеген Катышуучуга, анын кайсы лигада экендигине карабастан, берилүүчү кошумча байге.
**Байге** — тиешелүү эсептик мезгилдин жыйынтыгы боюнча өз лигасында байгелүү орунду ээлеген же Катышуучулардын жалпы рейтингинде белгилүү бир орунду ээлеген Катышуучуга берилүүчү материалдык сыйлык (позициялык байге).

**Эсептик мезгил** — анын жыйынтыгы боюнча фишкалар эсептелип жана/же жеңүүчүлөр аныкталуучу мезгил. Эсептик мезгилдер базалык жана агрегаттык болуп бөлүнүшү мүмкүн (Эрежелердин 5.1-пункту). Ошондой эле Катышуучуларга түшүнүктүү болушу үчүн маркетингдик материалдарда базалык эсептик мезгил үчүн «турнир», ал эми агрегаттык эсептик мезгил үчүн «финал» деген терминдер колдонулушу мүмкүн.
**Рейтинг** — топтолгон фишкалардын саны азаюу тартибинде жайгаштырылган эсептик мезгилдин Катышуучуларынын тизмеси.
**Фишка** — эсептик мезгилдин жыйынтыгы боюнча банктык карта аркылуу жүргүзүлгөн чыгым операциялары үчүн Катышуучуга чегерилүүчү жана Акциянын жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн колдонулуучу шарттуу упай.
**Фишканын сомдогу эквиваленти** — бир фишка алуу үчүн зарыл болгон улуттук валютадагы акча каражаттарынын суммасы.

**3. Акцияга катышуу тартиби**

3.1. Акцияга катышуу үчүн Катышуучу:
• колдонуу мөөнөтү бүтө элек банктык картанын ээси болууга;
• Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде банктык карта аркылуу чыгым операцияларын жүргүзүүгө тийиш.
3.2. Акцияны өзүнчө активдештирүү талап кылынбайт — Катышуучунун статусу ушул Эрежелердин 4-бөлүмүнө ылайык эсепке алынуучу банктык карта боюнча биринчи чыгым операциясы жүргүзүлгөндө автоматтык түрдө ыйгарылат.
3.3. Акцияга Акция башталган күнгө карата колдонуудагы банктык карталар да, Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде таризделген банктык карталар да катышат.
3.4. Эсептик мезгилдин жыйынтыгы чыгарылган күнгө карата фишка топтобогон Катышуучу ошол мезгилдин жеңүүчүлөрүн аныктоого катышпайт.

**4. Фишкаларды чегерүү жана эсепке алуу тартиби**

4.1. Банктык карта боюнча жүргүзүлгөн чыгым операцияларынын ар бир толук 100 (жүз) сому үчүн Катышуучуга бир фишка чегерилет. 100 (жүз) сомдон аз болгон калдыктын суммасы фишкалардын санын эсептөөдө эске алынбайт жана кийинки эсептик мезгилге өткөрүлбөйт.
4.2. Чет өлкөлүк валютада жүргүзүлгөн операциялар фишкаларды чегерүүдө тиешелүү операцияны иштетүү учурунда «БАКАЙ БАНК» ААК тарабынан колдонулган курс боюнча кыргыз сомундагы эквивалентинде эсепке алынат.
4.3. Ар бир турнирде банктык карта боюнча жүргүзүлгөн чыгым операцияларынын суммасы эсепке алынат, мында күтүү мезгилинин ичинде кайтарылган операциялардын суммалары алынып салынат.
4.4. Ар бир аяктаган агрегаттык эсептик мезгилдин жыйынтыгы фишкалар менен чыгарылат. Мында агрегаттык эсептик мезгилдин курамына кирген аяктаган базалык эсептик мезгилдердин жыйынтыктары кошулат.

4.5. Төмөндө көрсөтүлгөн багыттар боюнча жүргүзүлгөн операциялардын суммалары фишкаларды чегерүү үчүн эсепке алынбайт:

• авиабилеттерди сатып алуу, учууларды брондоо, ошондой эле аларга байланыштуу жыйымдар;

• темир жол билеттерин сатып алуу жана/же брондоо.

• финансылык инструменттерди жана накталай акча эквиваленттерин сатып алуу, анын ичинде электрондук капчыктарды толуктоо; жол чектерин, лотерея билеттерин, казино үчүн жетондорду сатып алуу; брокердик эсептерге акча каражаттарын которуу же криптовалютаны сатып алуу;

• инвестициялык ишмердикке жана биржада соода жүргүзүүгө байланышкан операциялар, анын ичинде брокердик компаниялардын, инвестициялык фонддордун кызматтары, ошондой эле рыноктун кесипкөй катышуучулары аркылуу акцияларды, облигацияларды жана башка баалуу кагаздарды сатып алуу;

• эсептердин ортосундагы P2P-төлөмдөр жана QR-которуулар.

4.6. Топтолгон фишкалардын саны тууралуу маалымат Катышуучуга push-билдирүүлөр аркылуу жөнөтүлөт. Фишкалардын акыркы эсеби аяктаган базалык эсептик мезгилдин жыйынтыгы боюнча гана жүргүзүлөт.

**5. Эсептик мезгилдер жана байге фонду**

5.1. Акция төмөнкү эсептик мезгилдерден турат:

• базалык мезгилдер/турнир — анын жыйынтыгы боюнча Катышуучуга жүргүзүлгөн чыгым операциялары үчүн фишкалар чегерилүүчү үзгүлтүксүз мезгилдер.

• агрегаттык мезгилдер/финал — бир же бир нече базалык мезгилди камтыган мезгилдер. Алардын жыйынтыгы боюнча фишкалар кайрадан чегерилбейт жана жүргүзүлгөн операциялардын негизинде кайра эсептелбейт, тескерисинче, анын курамына кирген базалык мезгилдердин жыйынтыгы боюнча чегерилген фишкалар кошулат.

5.2. Ар бир базалык эсептик мезгилдин жыйынтыгы тиешелүү базалык эсептик мезгил аяктаган күндөн кийинки күтүү мезгили аяктагандан кийин чыгарылат. Күтүү мезгили төмөнкүлөрдү камтыйт:

• 2 (эки) жума — Кыргыз Республикасынын «Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 24 жана 24-1-беренелерине ылайык тиешелүү базалык мезгилде жүргүзүлгөн операциялар боюнча акча каражаттарынын мүмкүн болуучу кайтарылышын күтүү мөөнөтү.

• 3 жумуш күнү — жеңүүчүлөрдү аныктоо жана аларга билдирүүлөрдү жөнөтүү үчүн 1-тиркемеде белгиленген кошумча мөөнөт.

5.3. Ар бир эсептик мезгил боюнча жыйынтык чыгаруу жана байгелерди тапшыруу даталары, ошондой эле позициялык байгелердин саны, байгелүү орундардын номерлери жана ар бир орун үчүн берилүүчү байгенин өлчөмү Акциянын календарына ылайык белгиленет (Эрежелерге карата №1 тиркеме).

5.4. Жеңүүчүлөргө утушу тууралуу Bakai Business аркылуу жана/же Уюштуруучуда бар байланыш маалыматтары боюнча билдирилет. Байгени алуу ыкмасы жана мөөнөтү билдирүүдө жана/же Эрежелерге кошумча документте көрсөтүлөт.

5.5. Жеңүүчү деп таанылган Катышуучуга Уюштуруучу белгилеген мөөнөт ичинде билдирүү жөнөтүү мүмкүн болбогон учурда же Катышуучу байгени алуудан баш тарткан учурда, Уюштуруучу тиешелүү лиганын Катышуучуларынын арасынан рейтингдеги кезектүүлүккө ылайык байгенин жаңы алуучусун аныктоого укуктуу.

5.6. Байгелер ушул Эрежелерге ылайык гана берилет. Байгени башкасына алмаштырууга жол берилбейт.

**6. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби**

6.1. Ар бир эсептик мезгилде нөлгө барабар эмес сандагы фишкаларды топтогон Катышуучулардын рейтинги түзүлөт. Рейтинг топтолгон фишкалардын саны азаюу тартибинде түзүлөт. Топтолгон фишкалардын саны бирдей болгон учурда, тиешелүү фишкалардын санына биринчи болуп жеткен Катышуучу рейтингде жогорку орунду ээлейт (фишкаларды топтоо убактысы боюнча тай-брейк).
6.2. Рейтинг ушул мезгилдеги Катышуучулардын жалпы санына жараша жана №1 тиркемеге ылайык үч лигага — 1-лига, 2-лига жана 3-лигага пропорционалдуу түрдө бөлүнөт.
6.3. Лигалардын чектери рейтингдеги орундар боюнча босого көрсөткүчтөр катары аныкталат жана ар бир эсептик мезгил үчүн Катышуучулардын иш жүзүндөгү санына жараша өзүнчө эсептелет. Ошондуктан лигалардын так чектери алдын ала белгиленбейт. Эсептөө методикасы жана анын мисалы Эрежелерге карата №1 тиркемеде келтирилген.
6.4. Тиешелүү базалык мезгилдин (турнирдин) жеңүүчүсү деп таанылган Катышуучу кийинки базалык мезгилде (турнирде) кайрадан жеңүүчү деп тааныла албайт. Бул чектөө агрегаттык мезгилдерге (финалга) жайылтылбайт: тиешелүү базалык мезгилдин (турнирдин) жеңүүчүсү болгон Катышуучу жеңүүчүлөрдү аныктоого катышууга укуктуу жана агрегаттык мезгилдин (финалдын) жеңүүчүсү деп таанылышы мүмкүн.
6.5. Лигаларга бөлүштүрүүгө карабастан, ар бир эсептик мезгилдин алкагында Уюштуруучу ошол мезгилде топтолгон фишкалардын саны боюнча жалпы рейтингде белгилүү бир орундарды ээлеген Катышуучуларга позициялык байгелерди бере алат. Орундар кокустук тандоону колдонбостон, рейтингдеги иш жүзүндөгү орунга гана жараша аныкталат. Ар бир мезгил үчүн байгелүү орундардын конкреттүү номерлери, алардын саны жана позициялык байгенин өлчөмү Уюштуруучу тарабынан белгиленет жана тиешелүү мезгилдин жыйынтыгы чыгарылганга чейин visabusiness.bakai.kg расмий сайтында жарыяланат.

**7. Жыйынтыктарды жарыялоо**

7.1. Ар бир эсептик мезгил аяктагандан кийин жыйынтыктар жана жеңүүчүлөрдүн тизмеси Уюштуруучу тарабынан төмөнкү жерлерде жарыяланат:
• Банктын расмий сайтында (visabusiness.bakai.kg);
• Уюштуруучунун тандоосу боюнча социалдык тармактардагы расмий аккаунттарында жана башка маалыматтык платформаларда.
7.2. Ар бир эсептик мезгил боюнча жыйынтыктарды жарыялоонун тартиби жана мөөнөттөрү тиешелүү мезгил башталганга чейин Уюштуруучу тарабынан белгиленет жана Эрежелерге карата №1 тиркемеде, ошондой эле маркетингдик материалдарда көрсөтүлөт. №1 тиркемедеги маалыматтар менен маркетингдик материалдардагы маалыматтар айырмаланган учурда, №1 тиркемеде көрсөтүлгөн шарттар колдонулат.

**8. Катышуучулардын жеке маалыматтары**

8.1. Уюштуруучу Акцияны өткөрүүгө катышкан жеке жактардын, анын ичинде жеке ишкерлердин, Карталардын ээлеринин, Катышуучулардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана Акциянын жеңүүчүлөрүнүн жеке маалыматтарын Кыргыз Республикасынын Санариптик кодексине жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштетет.
8.2. Жеке маалыматтарды иштетүү Катышуучунун Акциянын шарттарына ылайык келишин текшерүү; чыгым операцияларын эсепке алуу, Фишкаларды чегерүү жана рейтингди түзүү; жеңүүчүлөрдү аныктоо жана аларга билдирүү; Байгелерди тапшырууну уюштуруу; Уюштуруучунун салыктык, бухгалтердик жана башка милдеттерин аткаруу; кайрылууларды кароо жана талаштуу жагдайларды чечүү; кыянаттык менен пайдалануу жана алдамчылык операцияларды аныктоо жана алдын алуу; Акциянын жыйынтыктарын ушул Эрежелерде каралган көлөмдө жарыялоо максаттарында гана жүргүзүлөт.

8.3. Жогоруда көрсөтүлгөн максаттар үчүн Уюштуруучу фамилиясын, атын жана атасынын атын; жеке ишкер же юридикалык жактын ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө маалыматтарды; байланыш телефон номерин жана электрондук почта дарегин; толук төлөм реквизиттерин ачыкка чыгарбастан, Картанын жана эсептик жазуунун идентификаторлорун; Фишкаларды чегерүү үчүн зарыл болгон операциялардын датасы, суммасы жана категориясы жөнүндө маалыматтарды; чегерилген Фишкалардын саны, рейтингдеги орду жана ыйгарылган Байгеси жөнүндө маалыматтарды; салык агентинин милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон ИННди жана башка маалыматтарды; ошондой эле Акцияны өткөрүү жана Байгени тапшыруу үчүн түздөн-түз зарыл болгон башка маалыматтарды иштетүүгө укуктуу.
8.4. Жеке маалыматтарды иштетүүнүн укуктук негиздери болуп ушул Эрежелерди жана Уюштуруучу менен Катышуучунун ортосундагы келишимдик мамилелерди аткаруу зарылдыгы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген Уюштуруучунун милдеттерин аткаруу, жеке маалыматтардын субъекттеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо шартында Уюштуруучунун мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу, ошондой эле мыйзамда мындай макулдукту алуу милдеттүү болгон учурларда субъекттин өзүнчө макулдугу саналат.
8.5. Жеке маалыматтар Уюштуруучунун маалыматтык системаларын, анын ичинде «Bakai Business» мобилдик тиркемесин пайдалануу менен, ошондой эле Байгелерди тариздөө жана тапшыруу үчүн зарыл болгон учурларда автоматташтырылбаган каражаттарды колдонуу менен иштетилет.
8.6. Жеке маалыматтарга жетүү Уюштуруучунун ыйгарым укуктуу кызматкерлерине гана алардын кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө берилет. Уюштуруучу жеке маалыматтарды иштетүүгө купуялуулук, коопсуздук талаптарын жана маалыматтарды Уюштуруучунун тапшырмасы боюнча гана иштетүүнү караган келишимдин негизинде үчүнчү жактарды тартууга укуктуу. Жеке маалыматтарды мамлекеттик органдарга берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте жүзөгө ашырылат.
8.7. Эгерде Акцияны өткөрүү үчүн зарыл болсо, жеке маалыматтарды трансчек аралык берүү Кыргыз Республикасынын Санариптик кодексинин талаптары сакталган учурда гана жол берилет.
8.8. Уюштуруучу жеке маалыматтарды мыйзамсыз же кокусунан жетүүдөн, өзгөртүүдөн, ачыкка чыгаруудан, таратуудан, өчүрүүдөн, жок кылуудан жана башка мыйзамсыз аракеттерден коргоо үчүн зарыл болгон уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрөт.
8.9. Акцияны өткөрүү максатында гана иштетилип жаткан жеке маалыматтар иштетүүнүн максаттарына жеткенге жана мүмкүн болуучу кайрылууларды жана талаш-тартыштарды кароо аяктаганга чейин сакталат, андан кийин өчүрүлүүгө же инсанды аныктоого мүмкүн болбогон түргө келтирилүүгө тийиш. Салыктык, бухгалтердик жана мыйзамда белгиленген башка милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Уюштуруучунун ички документтеринде белгиленген мөөнөттөрдүн ичинде сакталат. Бул пункт Уюштуруучу банктык эсепти жана Картаны башка мыйзамдуу негиздерде тейлөөнүн алкагында иштетүүнү улантып жаткан маалыматтарга жайылтылбайт.
8.10. Акциянын жыйынтыктарын жарыялоодо Уюштуруучу жеңүүчүлөр жөнүндө маалыматтардын минималдуу зарыл көлөмүн колдонот: Катышуучунун аталышы жана/же жеңүүчүнүн фамилиясы жана аты-жөнүнүн баш тамгалары, ээлеген орду жана Байге жөнүндө маалымат. Картанын номерин, банктык эсептин номерин, ИННди, байланыш маалыматтарын, операциялар тууралуу маалыматтарды жана башка купуя маалыматтарды жарыялоого жол берилбейт.
8.11. Жеңүүчүнү фото жана видеого тартуу, анын сүрөтүн, фамилиясын, атын, үнүн жана башка материалдарды жарнамалык жана маркетингдик максаттарда пайдалануу тиешелүү жеке жактын өзүнчө ыктыярдуу макулдугунун негизинде гана жүргүзүлөт. Мындай

макулдук берүүдөн баш тартуу Катышуучуну жеңүүчү деп таанууга жана анын Байгени алуусуна таасир этпейт.
8.12. Жеке маалыматтардын субъекти өзүнүн жеке маалыматтарынын иштетилиши тууралуу маалымат алууга, аларды тактоону, иштетүүнү чектөөнү же өчүрүүнү талап кылууга, маалыматтарды иштетүүгө каршы экендигин билдирүүгө, ошондой эле мурда берилген макулдугун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте кайтарып алууга укуктуу. Тиешелүү кайрылууну Уюштуруучуга DIALOG@bakai.kg электрондук почта дареги аркылуу же Банкты тейлөөнүн расмий каналдары аркылуу жөнөтүүгө болот.
8.13. Макулдукту кайтарып алуу ага чейин жүргүзүлгөн жеке маалыматтарды иштетүүнүн мыйзамдуулугуна таасир этпейт. Уюштуруучу башка мыйзамдуу негиздер болгон учурда, анын ичинде мыйзам талаптарын аткаруу, келишимдик милдеттенмелерди аткаруу жана Уюштуруучунун мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн айрым маалыматтарды иштетүүнү улантууга укуктуу.

## 9. Банк салык агенти катары

9.1. Байгелерди тапшырууда Уюштуруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте салык агентинин милдеттерин аткарат.
9.2. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Байге жеңүүчүнүн кирешеси деп таанылса, Уюштуруучу салык агенти катары тиешелүү салыктарды эсептейт жана төлөйт. Катышуучу тиешелүү эсептик мезгилдин жыйынтыгы боюнча жарыяланган өлчөмдөгү Байгени Байгенин суммасынан салык кармап калынбастан алат, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача белгиленбесе же Байге тапшырылып жаткан учурда Катышуучуга бул тууралуу өзүнчө билдирилбесе.
9.3. Салык агентинин милдеттерин аткаруу максатында Байгени тариздөө жана берүүдө жеңүүчүдөн салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (ИНН) же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка маалыматтар суралат.
9.4. Жеңүүчүлөр жана тапшырылган Байгелер жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө Кыргыз Республикасынын салык органдарына берилет.

## 10. Уюштуруучунун укуктары жана милдеттери

10.1. Уюштуруучу Акцияны ушул Эрежелерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте өткөрүүгө милдеттенет.
10.2. Уюштуруучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларды же талаштуу жагдайлар келип чыккан учурларды кошпогондо, Катышуучулар менен жазуу жүзүндө сүйлөшүүлөрдү же башка байланыштарды жүргүзбөөгө укуктуу.
10.3. Уюштуруучу Эрежелер бузулгандыгы аныкталган учурда, анын ичинде төмөнкү учурларда, Катышуучунун Акциядагы жыйынтыктарын жокко чыгарууга жана/же Байгени берүүдөн же Байгени кайра ыйгаруудан баш тартууга укуктуу:
• кыянаттык менен пайдалануунун жана/же алдамчылыктын белгилери аныкталганда;
• бир нече банктык карталарды же терминалдарды жана/же колдонуучунун бир нече эсептик жазууларын пайдалануу аркылуу фишкалардын санын жасалма түрдө көбөйтүү аныкталганда.
• мурда фишкалар чегерилген операциялар боюнча акча каражаттарын кайтаруу, операцияларды жокко чыгаруу же аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жүргүзүлгөндө;
• Катышуучу Акцияга катышуунун кадимки шарттарында берилбеген артыкчылыктарды алган учурда;
• реалдуу экономикалык мазмуну жок жүгүртүүнүн көлөмүн жасалма түрдө көбөйтүү белгилери бар операциялар жүргүзүлгөндө;

• Байге тапшырылып жаткан учурда Катышуучу тарабынан анык эмес маалыматтар берилгенде жана башка учурларда.
10.4. Уюштуруучу каалаган убакта Катышуучуларга кошумча билдирүү жөнөтпөстөн, Акцияга катышкан банктык карталардын тизмесин, операциялардын айрым категорияларын эсепке алуудан чыгаруу тартибин, ошондой эле Катышуучулардын абалын олуттуу начарлатпаган Акцияны өткөрүүнүн башка техникалык параметрлерин бир тараптуу өзгөртүүгө укуктуу.
10.5. Уюштуруучу Катышуучунун Акцияга катышуусуна байланыштуу тарткан кошумча чыгымдарынын ордун толтурбайт, Байгени тапшырууга түздөн-түз байланышкан чыгымдар буга кирбейт.

**11. Башка шарттар**

11.1. Уюштуруучу ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, ошондой эле Акцияны убактылуу токтотууга же мөөнөтүнөн мурда токтотууга укуктуу. Бул тууралуу маалыматты www.bakai.kg жана visabusiness.bakai.kg расмий сайттарында жарыялоо аркылуу Катышуучуларга билдирет.
11.2. Акцияга байланыштуу даттанууларды жана кайрылууларды Катышуучулар Уюштуруучуга төмөнкү электрондук почта дареги аркылуу жөнөтө алышат: DIALOG@bakai.kg.
11.3. Ушул Эрежелерде жөнгө салынбаган бардык маселелер боюнча Уюштуруучу жана Катышуучулар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин жетекчиликке алышат.
11.4. Ушул Эрежелерди ар кандай түшүнүүгө жол берген жагдайлар жана/же Эрежелерде жөнгө салынбаган маселелер келип чыккан учурда, аларды чечмелөө жана/же түшүндүрүү боюнча акыркы чечимди түздөн-түз Уюштуруучу гана кабыл алат.

**Эрежелерге №1 тиркеме**

**«Bakai Visa Business Cards» акциясын өткөрүү эрежелерине**

1. Фишканын сомдогу эквиваленти 100 сомго барабар.
2. Ар бир эсептик мезгил жана ал боюнча байгелерди ыйгаруу тартиби төмөнкү таблицага ылайык белгиленет:

| **Мезгил** | **Мезгилдин даталары** | **Жыйынтык чыгаруу** | **Байгелерди тапшыруу** |
|---|---|---|---|
| Турнир — Август | 01.08 – 31.08.2026 | 15.09.2026 | 18.09.2026 |
| Турнир — Сентябрь | 01.09 – 30.09.2026 | 15.10.2026 | 19.10.2026 |
| Турнир — Октябрь | 01.10 – 31.10.2026 | 16.11.2026 | 20.11.2026 |
| Финал | 01.08 – 30.11.2026 | 15.12.2026 | 18.12.2026 |
| | | | |

3. Ар бир айлык «Турнир» мезгилинде ар бир Лига боюнча башкы Байгенин өлчөмү (сом менен) төмөнкүдөй:

| **Мезгил** | **Лига 1** | **Лига 2** | **Лига 3** |
|---|---|---|---|
| Турнир — Август | 200 000 | 150 000 | 100 000 |
| Турнир — Сентябрь | 200 000 | 150 000 | 100 000 |
| Турнир — Октябрь | 200 000 | 150 000 | 100 000 |

Ар бир айдын 10-, 100- жана 500-орундарын ээлеген Катышуучуларга 20 000 сомдон кызыктыруучу акчалай байгелер берилет.

1. Финалда ар бир Лига боюнча 1-, 2- жана 3-орундарды ээлегендерге Байге төмөнкү өлчөмдө ыйгарылат (сом менен):

| **Орун** | **Лига 1** | **Лига 2** | **Лига 3** |
|---|---|---|---|
| 1-орун | 500 000 | 300 000 | 200 000 |
| 2-орун | 200 000 | 150 000 | 100 000 |
| 3-орун | 150 000 | 100 000 | 50 000 |

• 10-, 100- жана 500-орундарды ээлеген Катышуучуларга 20 000 сомдон кызыктыруучу акчалай байгелер берилет.

1. Лигалардын ортосунда бөлүштүрүү пропорциясы. Мезгилдин лига өлчөмү (МЛӨ) мезгилдеги Катышуучулардын жалпы санын лигалардын санына (3) бөлүү жана алынган жыйынтыкты бүтүн санга чейин тегеректөө жолу менен аныкталат. Андан кийин 1- жана 2-лигага Мезгилдин лига өлчөмүнө барабар сандагы Катышуучулар кирет, ал эми 3-лигага калган бардык Катышуучулар кирет. Лигалардын ортосундагы чектер тиешелүү Лиганы аныктоо үчүн лиганын босого көрсөткүчү катары колдонулат.

| **Орун** | **Лига 1** | **Лига 2** | **Лига 3** |
|---|---|---|---|
| Катышуучулардын жалпы саны | <= МЛӨ | < МЛӨ жана < 2 × МЛӨ | ≥ 2 × МЛӨ жана ≤ «Мезгилдеги Катышуучулардын жалпы саны» |

Лигалардын чектерин аныктоонун жана аларды лигалар боюнча бөлүштүрүүнүн мисалы (иллюстрациялык):

| **Орун** | **Лига 1** | **Лига 2** | **Лига 3** |
|---|---|---|---|
| Турнир — Сентябрь = 3 155 Катышуучу | **<=1051**<br>*(3155/3=1051,666)* | **>1051 & <2102**<br>*(3155/3=1051) *2 = 2102* | **>=2102** |
| Финал — Ноябрь = 7 000 Катышуучу | **<=2333**<br>*(7000/3=2333,333)* | **>2333 & < 4666**<br>*(7000/3=2333) *2 = 4666* | **>=4666** |